# Мени баалообонун кереги жок



Автор: Сор Сотеа

Сүрөтчү: Манн Мален

Которгон: Айгуль Джунушалиева

# Мени баалообонун кереги жок

Автор: Сор Сотеа
Сүрөтчү: Манн Мален
Которгон: Айгуль Джунушалиева

Кыргыз тилинде
Бишкек 2023

Copyright © 2023, Бул чыгарма Creative Commons Attribution 4.0 Эл аралык лицензиясы (https://creativecommons.org/licenses/by/4.0/) боюнча лицензияланган”

http://creativecommons.org/licenses/by/4.0/
Бул ишти коммерциялык максаттарда колдоно аласыз. Бул чыгарманы адаптациялап, толуктай аласыз. Авторлордун, иллюстраторлордун ж.б. автордук укугун жана өздүк маалыматтарын сакташыңыз керек.

"Мени баалообонун кереги жок" (кыргыз тилинде), Айгуль Джунушалиева тарабынан которулуп адаптацияланган. *Do not underestimate me* (англисче) чыгарманын негизинде, автору Sor Soteya жана сүрөтчүсү Mann Malen. ©The Asia Foundation - Let’s Read, тарабынан 2021-жылы CC-BY-NC-4.0 лицензиясы боюнча басылып чыккан. Чыгарманын түп нускасын бул жерден көрө аласыз: https://www.letsreadasia.org/book/ed9ad2d2-799f-42ef-8f03-db5f8d8a2006?bookLang=4846240843956224

Бул басылма АКШнын эл аралык өнүктүрүү боюнча агенттиги (USAID) аркылуу көрсөтүлгөн Америка элинин колдоосу менен түзүлдү. Басылманын мазмуну USAIDдин же АКШ Өкмөтүнүн пикирин милдеттүү түрдө чагылдырбайт.

Created with Bloom



Чоң бакта Адо, Ака жана Али деген үч тыйын чычкан жашайт.

Алардын ичинен Али – эң кичине тыйын чычкан. Адо менен Ака анын көлөмү тууралуу дайыма кыжырына тийишет.





Али капа болуп жатат. Адо менен Ака ага жумшак мамиле жасашын каалайт. Экөө эч качан аны көңүлдүү иш-чараларга катыштырбайт. Али баарынан да токойдо өскөн алтын алманы жеп көрүүнү кыялданат. Бирок Адо менен Ака эч качан мындай мүмкүнчүлүктү беришпейт.

– Эртең алтын алманын мөмөлөрү бышат! Биз Ака экөөбүз аларды жегени барабыз. Али, сен кайра ал алмадан жебей каласың, – деди бир күнү Адо Алиге.

– Туура! – деп Ака аны кубаттады – Али, сен ушунчалык кичинекейсиң. Сага эч кандай мөмөнүн деле кереги жок. Сен бизди бул жакта эле күтүп тур.





Али ыйлаган бойдон бактын көңдөйүнө кирип кетти.
Ошол түнү анда бир ой пайда болду.

Эртеси күнү Али эрте турду. Ал Адо менен Ака ойгонгонго чейин бактан түшүп кетти.





– Ура! Бүгүн алтын алманың мөмөлөрүн жеймин! –
деп ал бир бактан экинчи бакка секирип, ырдап баратты.

Бакка жакындап калганда, ал артынан Адо менен Аканын үндөрүн укту.





– Сен кантип бизден биринчи бактан жылт койдуң? – Адо ага ырылдады.

– Буттарың ушунчалык кичинекей болгондуктан, сен баары бир бакка убагында жете албайсың! – деп Ака Адонун сөзүн кубаттады.

Алини капа кыла турган сөздөрдү айтып туруп, эки чоң тыйын чычкан Алинин алдына түшүп чуркап кетишти. Алар мөмөлөрдү үзүү үчүн бакка чыга башташты.

– Мен алтын алмадан жебей калат окшойм, – деп Али ыйлап жиберди.

– Жок, мен жеңилип калбашым керек! – деди Али чечкиндүү.





Али бакка чыкты. Адо менен Ака эң жакшы бышкан алмаларды издеп жатышкан.

Жакындап келе жаткан Алини көргөндө, Адо менен Ака аны кууганга аракет кылышты.

Али бутактын эң учуна чыкты.





Бир кезде бутак сынып кетип, Али ылдый кулады.

Бирок аны башка бутак сактап калды. Ошентип, Али жерге кулап түшкөн жок. Капалуу Али бир канча убакыт бутакта жатты. Бир кезде ал аңкыган жыпар жытты сезди.





Ал көздөрүн чоң ачып, маңдайында эзиле бышкан алтын алманы көрдү.

– Ах! – деген бойдон Али мөмөгө умтулду. Ал алмадан чоң тиштеди. Укмуш! Ака менен Адо өйдө жактан Алини көргөндө ооздору ачылды. Алар өтө оор болгондуктан, кичинекей бутактарга бара алышкан жок.





Али Адо жана Ака аны сугалактык менен карап турушканын көрдү.

Али эки чоң тыйын чычкан менен бөлүшүү үчүн алтын алмадан бир аз үзүп алды. Адо менен Ака таң калып, Алиге ыраазычылык билдиришти. Алар өздөрүнүн начар жүрүм-туруму үчүн Алиден кечирим сурашты. Андан кийин үчөө  алтын алмадан чогуу жешти.





Андан бери Адо менен Ака Алини баалабай коюуну токтотушту. Экөө ага сый жана мээрим менен мамиле жасап, алардын бактагы үйү бакытка толду.





USAID
АМЕРИКАНЫН ЭЛИНЕН

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ
МИНИСТРЛИГИ

Автор: Сор Сотеа
Сүрөтчү: Манн Мален
Которгон: Айгуль Джунушалиева

USAIDдин "Окуу керемет!" долбоору
Кыргыз Республикасы

1-класс
- 1.1 деңгээли
- 1.2 деңгээли
- 1.3 деңгээли

2-класс
- 2.1 деңгээли
- 2.2 деңгээли

3-класс
- 3.1 деңгээли
- 3.2 деңгээли

4-класс
- 4.1 деңгээли
- 4.2 деңгээли